КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

"17" 10 2022-ж №108

Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын 15-сессиясынын

# ТОКТОМУ

## Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын жергиликтүү бюджетине Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин VI-бөлүмүнүн "Бюджет аралык мамилелер", 8-главасындагы "Бюджет аралык мамилелердин жалпы жоболору жана принциптери", 44-беренесинин 4-пунктуна ылайык, айылдык кенешинин "Бюджет жана финансы маселелери" боюнча туруктуу комиссиясынын кароосунда каралып, Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Асаналиевдин сунуштарын угуп жана талкуулап айылдык Кенештин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын жергиликтүү бюджетине Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин VI- бөлүмүнүн "Бюджет аралык мамилелер", 8-главасындагы "Бюджет аралык мамилелердин жалпы жоболору жана принциптери", 44-беренесинин 4-пунктуна ылайык, 2022-жылдын 9-айынын жыйынтыгы менен кирешелердин чыгашалардан ашык түшкөн акча каражаттарын төмөнкү бөлүмдөргө каржылоо үчүн киреше жана чыгаша бөлүмүнүн кошумча планын көбөйтүп берүү жагы Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министирлигинин Жети-Өгүз райондук башкармалыгынан суралсын.

| № | Иш чаралар | Функционалдык классификация | Элемент | Сумма сом |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Балдар бакчасына тамак аш сатып алууга кошумча | 70911 "Бала бакча" | 22181100 | 400,0 |
| 2 | Кызыл-Суу айылынын Московская көчөсүнө жаны суу түтүк линиясын киргизүү иштерине | 70629 "ЖКХ" | 31113390 | 530,2 |
| 3 | Айыл өкмөтүнүн ЖКХ тармагы боюнча кошумча жумуштарды жүргүзүүгө. | 70629 "ЖКХ" | 22154900 | 3839,5 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Кызыл суу айылынын тургуну эмгектин ардагери Алымова Тамарага жана башка айыл өкмөтүнө арыз менен кайрылган жарандарга материалдык жардам көрсөтүүгө кошумча. | 71093 "Социалдык жардам " | 27211500 | 142,3 |
| 5 | Ош облусунун Кара – Суу районундагы Кызыл– Кыштак айыл аймагынын айылдык Кенешинин, айыл өкмөтүнүн иш кагаздары, практикалык жактан жасап жаткан жумуштары менен тааныштык, өз ара тажрыйба алмашуу семинарына бара турган айылдык Кенештин депутаттарынын транспорт чыгымдары жергиликтүү бюджеттен төлөп берүүгө. | 70111 " Аппарат" | 22154900 | 60,0 |
| | Баардыгы айыл өкмөтү боюнча | | | 4972,0 |

2.Кызыл - Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Асаналиевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы К.Казыбековго акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кенештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Асаналиевге тапшырылсын.

Айылдык Кенешинин төрайымы: Г.Чыныбаева